Атакем

Сөзү: Чотурова Бактыгүл
Обону:Бейшекеев Сыймык

Айтууга келди кезек
Атанын уулу дешет
Жүгү чоң сөз экенин
Жүрөгүм ичтен сезет
Татыктуу бекенсиң деп
Заманым сөөмөй кезеп
Кайырма:
Атаке, атакебай
Жылт эткен санааңыздан
Самоого өзүбүз да
Сагынып калабыз да
Эшик төр биз чоңойгон
Эркелеп барабыз да
Бактылуу узак жаша
Бар болуп арабызда
Табат деп ким сырымды
Таштаймын көз нурумду
Атымды элге угузуп
Арнаймын бар ырымды
Өстүрсөм экен сиздей
Мен дагы өз уулумду
Кайырма:
Атаке, атакебай
Жылт эткен санааңыздан
Самоого өзүбүз да
Сагынып калабыз да
Эшик төр биз чоңойгон
Эркелеп барабыз да
Оорубай узак жаша
Бар болуп арабызда
Ден-соолук берсе экен дейм,
Кылымды көрсө экен дейм.
Пайгамбар жаш да кутман
Тилегим берсе экен дейм
Каткырып карылыкты
Кайраты жеңсе экен дейм
Кайырма:
Атаке узак жашап,
Аман жүр арабызда